DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2021

*Тиллабаева А.М.*

# МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН БАЛДАРГА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖАНА ТАРБИЯЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

*Тиллабаева А.М.*

# ОСОБЕННОСТИ ОБУЧЕНИЯ И ВОСПИТАНИЯ ДЕТЕЙ С ОГРАНИЧЕННЫМИ ВОЗМОЖНОСТЯМИ ЗДОРОВЬЯ

*A. Tillabaeva*

# PECULIARITIES OF EDUCATION AND TRAINING OF CHILDREN WITH RESTRICTED CAPABILITIES

*УДК: 003.24 (2-455) (575.2)*

*Бул макалада мүмкүнчүлүгү чектелген 12 жашка чейинки балдарга билим берүүнүн жана анын өсүп-өнүгүшүндөгү өзгөчөлүктөрү, ошону менен бирге тарбиялоонун этаптары каралып жатат. Ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн билим алууга жеткиликтүүлүк – Кыргызстандагы эң чоң көйгөйлөрдүн бири. Өзгөчө айыл жергесинде жашаган балдар үчүн. Кыргыз Республикасынын «Ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын кепилдиктери жана укуктары жөнүндө" мыйзамынын 33 – беренесине ылайык мамлекет ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга билим алууга жана кесиптик даярдыкты алууга жеткиликтүүлүк үчүн керектүү шарттарды түзүүнү кепилдендирет. Тилекке каршы, ар түрдүү курактагы эркек, аял майыптар билим алууга өзүлөрүнүн укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ эместигинен баш тарта албайбыз. Бул көрүнүш эне менен баланын ортосундагы байланышты начарлатат. Мындай учурда баланын энесине жолдошунун таасири чоң, себеби мүмкүнчүлүгү чектелген бала атасынын көңүл бурганын эңсейт, бирок аны бир гана ачуулануу же болбосо үйдөгү ызы-чуу менен билдире алат. Биз карап жаткан жумушта, жаш мууну жалпы мектептен аргасыз чыгарууну чечтик, белгилүү себептер менен. Баланын келечегин кайсы гана ата-эне ойлобосун, ошол үчүн каралып жаткан жаш мууну өстүрүү үчүн мүмкүнчүлүгү чектелген балдар окуган мектепке алып барып окутууну чечтик.*

***Негизги сөздөр:** мүмкүнчүлүгү чектелген, тарбиялоонун этаптары, инклюзив, майыптуулук, көйгөйлөр, жаш бала, өсүп-өнүгүшү.*

*В статье рассматриваются особенности и этапы воспитания и обучения детей с ограниченными возможностями до 12. Доступ к образованию для детей с ограниченными возможностями - одна из самых больших проблем в Кыргызстане. Особенно для детей, проживающих в сельской местности. Согласно статье 33 Закона Кыргызской Республики «О гарантиях и правах лиц с ограниченными возможностями» государство гарантирует создание необходимых условий для доступа к образованию и профессиональному обучению для лиц с ограниченными возможностями. К сожалению, мы не можем отрицать, что мужчины и женщины всех возрастов с ограниченными возможностями не имеют возможности реализовать свое право на образование. Это ослабляет связь между матерью и ребенком. В этом случае на мать ребенка большое влияние оказывает муж, потому что ребенок с ограниченными возможностями жаждет внимания отца, но может выразить это только через гнев или домашний шум. В рассматриваемой нами работе мы анализировали, что при обучении и воспитании детей с ограниченными возможностями надо усилить работу из государственной школы. Как бы родители ни думали о будущем ребенка, для обучения и воспитания инклюзивных детей надо отдавать в школу для детей с ограниченными возможностями.*

***Ключевые слова:** инвалидность, этапы воспитания, инклюзивное, инвалидность, проблемы, развитие ребенка раннего возраста.*

*The article examines the features and stages of education and training of children with disabilities up to 12. Access to education for children with disabilities is one of the biggest problems in Kyrgyzstan. Especially for children living in rural areas. According to article 33 of the Law of the Kyrgyz Republic «On guarantees and rights of persons with disabilities", the state guarantees the creation of the necessary conditions for access to education and vocational training for persons with disabilities. Disabilities do not have the opportunity to exercise their right to education. This weakens the bond between mother and child. In this case, the husband has a great influence on the mother of the child, because the child with disabilities craves for the father's attention, but can only express this through anger or house noise. No matter how parents think about the future of the child, for the education and upbringing of inclusive children, it is necessary to send them to a school for children with disabilities.*

***Key words:** disability, stages of education, inclusive, disability, problems, early childhood development.*

Жогоруда аталган маселелерди чечүүдө биз *инклюзив* деген түшүнүктүн маанисин чечмелеп алалы. Инклюзив деген термин француз тилинен (фр. inclusif «кошом» же болбосо лат. Include «кошулам») деген сөзүнөн кабыл алынган. Инклюзивдик билим берүүнүн негизги идеологиясы – бардык балдардын укугу бирдей жана дискриминациялоону жоюу болуп эсептелинет. Башкача айтканда тил, улут, дене өсүшү, интеллектуалдык, психикалык өзгөчөлүктөрүнө карабастан бардык балдарды билим берүү системасына кошуп окутуу. Ошол эле учурда аларды жалпы билим берүүчү мектептерге кошуп койбостон, аларга атайын шартты түзүп берүү негизги максат болуп эсептелинет [1, 2].

Мындай проблемалар мүмкүнчүлүгү чектелген

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



балдарды мектепке даярдоо жана тарбия берүү биздин гана мамлекетте эмес, башка өнүккөн мамлекеттерде да болууда. Мисалы: Америка кошмо штаттарында, Россияда ж.б. мамлекеттерде.

Бул макаланын негизги максаты - мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга билим берүүнүн жана анын өсүп-өнүгүшүндөгү өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле тарбия-лоонун этаптарын кароо.

Макалада чечилүүчү маселелер болуп төмөнкүлөр эсептелинет:

- биринчи этап - мүмкүнчүлүгү чектелген баланын өсүп-өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү, туулгандан тартып 2 жашка чейинки өзгөрүүлөр;
- экинчи этап - мүмкүнчүлүгү чектелген жаш баланын 2 жаштан 4 жашка чейинки мезгили;
- үчүнчү этап - мүмкүнчүлүгү чектелген баланы мектепке даярдоо жана тарбия берүү маселеси;
- төртүнчү этап - мүмкүнчүлүгү чектелген баланын 7 жаштан 12 жашка чейинки билим берүнүн жана анын өсүп-өнүгүшүндөгү өзгөчөлүктөрү.

Америкада мына ушундай инклюзивдик проблемаларды изилдөөчү окумуштуу Ричард Зиглердин «Инклюзивдүү балдарды баштапкы окутуунун ыкмасында» көрүүгө болот. Бул окумуштуунун оюу боюнча (мисал катары кулагы такыр укпаган жана аз кыймылдагы балдар жөнүндө) төмөндөгүдөй жаш баланы окутуу үчүн, аны окууга ата-энесинин толугу менен көңүл буруусу зарыл. Ошону менен бирге бул проблеманы чечүүдө ал өзүнүн тажрыйбасында көрсөткөн-дөй мүмкүн болушунча өз курагындагы балдар менен бирге окутуунун таасири чоң экендигин белгилеген. Ушул эле жерде бул окумуштуу пайда болгон проблемаларды да көрсөткөн, проблемалардын бири транспорттун жетишпестиги, баланы түшүрүп-чыгаруу, андан сырткары жаш муунду окутуу өзүнчө мектепте алдын-ала даярдоо менен өткөрүлгөн. Бул болсо АКШ мамлекетинде каралса, ал эми Россияда мына ушундай проблема Максим Бушмелев тарабынан каралып чыккан.

Бушмелев М. тарабынан «Инклюзивдүү класстагы окутуунун мисалы жана ыкмасы» аттуу китеп иштелип чыккан. Бул ыкмада инклюзивдүү билим берүүнүнүн принциптерин иштеп чыккан, алар төмөн-күлөр:

- биримдүүлүк;
- ийкемдүүлүк;
- маалыматты жеңил кабыл алуу;
- берилүүчү материалга, шартка көнүү жана жетиштүү физикалык - менталдык күч абалы же болбосо, ой жүгүртүүсү;
- мейкиндик шартка көнүү, берилген материалды кабыл алуу үчүн аны туура колдонуу.

Андан кийинки илимий изилдөө Америкалык окумуштуу Гэри Банч Набережный Челнах шаарында өткөргөн семинарда «Инклюзивдүү билим бе-рүүнүн негизи» аттуу докладында Канада мамлекетинин Саламак шаарындагы тажрыйбасы жөнүндө маалымат берип, «Инклюзивдүү билим берүү дегенге төмөнкүдөй аныктама келтирген – бул билим берүү практикасы, ал өзү философиянын негизинде бекитилүүчү, бардык окуучулар майыппы же майып эмеспи, өзүлөрүнүн жашына жараша белгилүү класста эркин билим алуу укугуна ээ» деп белгилеген.

Ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн билим алууга жеткиликтүүлүк – Кыргызстандагы эң чоң көйгөйлөрдүн бири. Өзгөчө айыл жергесинде жашаган балдар үчүн. Кыргыз Респуб-ликасынын «Ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын кепилдиктери жана укуктары жөнүндө» мыйзамынын 33-беренесине ылайык мамлекет ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга билим алууга жана кесиптик даярдыкты алууга жеткиликтүүлүк үчүн керектүү шарттарды түзүүнү кепилдендирет. Тилекке каршы, ар түрдүү курактагы эркек, аял майыптар билим алууга өзүлөрүнүн укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ эместигинен баш тарта албайбыз.

Азыркы учурда Кыргызстанда мүмкүнчүлүгү чектелген 18 жашка чейинки муундардын жалпы саны 23 миң 567ни түзүп жатат [5,6]. Мүмкүнчүлүгү чектелген жалпы адамдардын коомдогу ээсин же болбосо ордун биздин Республикабызда атайын мыйзам чыгырылып, ошол мыйзамда мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын маселесин туура чечүү толугу менен каралып чыккан [3]. Бул мыйзамдын биринчи беренесинде мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар толук граждандык, социалдык, экономикалык, саясат иштерине толук катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ, ошону менен бирге бул категориядагы адамдар Кыргызстандын каалаган аймагында жашай алышат ж.б. мындай оорукчан адамдардын же болбосо жаш балдардын мүмкүнчөлүктөрү толугу менен каралып чыккан. Бул мыйзамда бекитилген беренелер болуп эсептелинет, ал эми чындыгында өлкөбүздүн аймактарында бул маселе кантип чечилүүдө?

Мүмкүнчүлүгү чектелген жаш балдар коомчулукта кандайдыр бир деңгээлде жакшы каралбай жатат. Бул маселени чечүү мамлекеттик деңгээлде каралышы керек, *бул биринчи себеп*. *Экинчи себеп* болуп мындай баланын азыркы учурда медицина жагынан толук дарылануу мүмкүнчүлүгү жок. *Үчүнчү себеби* бул ата-эненин ортосундагы пикир келишпөөчүлүк, уруш-жаңжал ж.б. *Төртүнчү себеби* эне болом деп эңсеген аялдын ден соолугу үзгүлтүксүз дарыгерлердин көзөмөлүндө болуп туруусу зарыл.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Өзүнө керектүү витаминдүү тамактарды кабыл алып туруш керек, уктоо режими сакталышы зарыл. *Бешинчи себеби* болуп, эне болом деген аял өздүк гигиенаны сакташы керек. *Алтынчы себеби бойчоктогу* эне алкоголдук ичимдиктерден, баңги заттарынан жана чылым чегүүдөн алыс болуусу зарыл. *Жетинчи себеп* ар бир баланын төрөлүү аралыгы сакталыш керек, же болбосо үй-бүлөнү туура пландаштыруу керек, ошону менен бирге социалдык абалы канааттандыраарлык болуш керек. Төрөлгөн бала дарыгерлердин көзөмөлүндө график боюнча өткөрүлүшү зарыл. *Сегизинчи себеп,* элдик каада-салтка таянсак, жети ата өтмөйүн кыз берип, кыз алышуу майып балдардын төрөлүүсүнө алып келүүдө.

Жогорудагы келтирилген себептердин далилинде майып балдардын саны жылдан жылга көбөйүүдө. Ошого карабастан коомчулукта майып жарандар саясатта, спортто жана маданият чөйрөсүндө өз мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүшүүдө. Биздин өлкөдө да мамлекеттик деңгээлде мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар да жогорку ийгиликтерге жетишүүдө. Анын мисалы катары Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаты *Дастан Бекешовду* алсак болот, анын көзү азиз болгондугуна карабастан көйгөйлүү маселелерди көтөрүп чыгып, ал маселелердин чечилүүсүнө зор салым кошууда. Ошону менен бирге мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга өтө чоң таасирин тийгизип, алардын жашоосуна түрткү берип келет [7].

*Мүмкүнчүлүгү чектелген жаш балдар* дегендин мааниси өтө чоң, бул нерсени кеңири мааниде алып карай турган болсок, мындай балдарда ар түрдүү оорулар кезигет. Мисалы: кээ бир жаш балдар сүйлөө мүмкүнчүлүгүнөн ажыраса, кээ биринин кулагы такыр укпайт, ал эми айрымдарынын көздөрү азиз болсо, кээ бирөөсүндө психикалык жактан өнүгүүсү начар же артта калган ж.б. Сөзүбүз куру болбос үчүн биз макалабызды психикалык жактан жабыркаган Амирбек аттуу баланын мисалында карап көрөлү.

*Биринчи этап* - мүмкүнчүлүгү чектелген жаш баланын өсүп-өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү, бул жерде туулганынан тартып 2 эки жашка чейинки өзгөрүүлөр:

Макаланын бул бөлүгүндө биз жаш баланын туулган мезгилиндеги өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп, андан соң эмүү ритминин жакшы болбошу алгачкы тынчсыздандырууну энеде пайда кылат. Бул өзгөчөлүккө эне катары чоң маани бере албадым, себеби дегенде жаңы эле туулгандан кийинки кубулуш деп ойлогом. Убакыттын өтүүсү менен бала акырындык менен чоңоё баштады, бул мезгилде бала көбүрөөк ыйлай баштады. Жети, сегиз айында жөрмөлөөсү начар болду, дарыгер-невропотологго кайрылдык ал өз тизмесине алып,к дарылай баштады. Дарыгердин сунушу боюнча баланы дарылай баштадык, бирок бул дарылоодон жыйынтык чыккан жок. Күн өткөн сайын баланы чоңойтуу үй-бүлөнүн негизги проблемасы болуп калды, дал ошол эки жашка чейинки убакытта акырындык менен өзгөрүүлөрдү эне катары байкай баштадым. Бирок баланын психикасында өзгөрүүлөрдү дарыгер так диагноз койгону менен жылыш болбоду, мына ушинтип бала эки жашка толду.

*Экинчи этап* - мүмкүнчүлүгү чектелген жаш баланын 2 жаштан 4 жашка чейинки мезгили:

Эки жаштагы биринчи белги бул баланын басуусу жана ар түрдүү оюнчуктарга кызыгуусу өтө начар, эгерде ойносо бир гана оюнчук менен ойнойт, ачууланышы тез ошону менен бирге көп ыйлай турган болуп чоңоё баштады. Бул мезгилде дарыгерлер так диагнозду коюшуп акыл-эси артта калган деп аныкташты. Андан кийин баланын психикасынын өзгөрүшү эмоционалдык абалына терс таасирин тийгизбей койгон жок айланасындагы жакындарына кыжырдануу менен мамиле жасап агрессиясы бара-бара күчөй баштады бул көрүнүш апасына, атасына, агасына жана башка бир тууганадарына терс таасирин тийгизди. Ачуулануунун дүрт этүүсү азырынча ылдам өтөт, кандай пайда болсо, ошондой тез өтөт. Жаш баланын эмне үчүн ачууланып жатканын түшүнүү үчүн, анын канча жашта экендигин жана психикалык жөндөмдүүлүгүн эске алуу керек. Жаш муундун кээде ата-энелери ага жакшы көргөн оюнчугун сатып бергенде, шоколад жегенге жана газдалган сууну ичкенге уруксат бергенде, балдар аянтчасынан алып кеткенде, же мультфильм көрсөтүп жаткан учурда телевизорду өчүргөндө кыжырданышы мүмкүн. Эки жаштан төрт жашка чейинки балдардын ачуулануусу чоңдор тарабынан чыдамдуулукту талап кылат. Бул өсүү мезгилинде эненин да тез ачуулануусу байкалат, ал өз учурунда үй-бүлөдөгү чоңдорго таасирин тийгизет. Мындай өсүү учурунда үй-бүлөдөгү эжесинин жана агасынын сабак даярдоо учурунда өтө тоскоолдук пайда кылат, себеби жаш муунга көбүрөөк убакыт талап кылынат.

*Үчүнчү этап* - мүмкүнчүлүгү чектелген жаш баланы мектепке даярдоо жана тарбия-тартип берүү:

Бул мезгилде үй-бүлөдө жаңыча проблемалар пайда болот, себеби психикалык өзгөрүлмөлүү жаш муунга, мектепке керектүү жабдыктарды бала жактыра бербейт. Себеби мүмкүнчүлүгү чектелген жаш баланын ой жүгүртүүсү таптакыр башкача болот, карандаш балага жакса, ручкасынын формасы же түзүлүшү жакпайт ж.б. Ата-эне тарабынан мындай балага башкача көңүл бурулушу зарыл, ал эми тарбиялык бардык сөздөргө көп маани бербейт, себеби

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



сумканы мойнуна көтөрүү ал биз карап жаткан бала үчүн таптакыр чочун нерсе башкача айтканда бул балага жакпайт. Бир гана учурда мүмкүнчүлүгү чектелген жаш бала сумканы жактырат, качан гана башка жаш муундар мектепке бара жаткан учурда, көрдү да сумканы асынат, андан соң тез эле ыргытып таштайт. Бул мезгилде кыжырлануунун тездеши байкалат, ыйлайт, жинденет, керек болсо жаңы окуу форма менен топуракка жатып алат.

*Төртүнчү этап* - мүмкүнчүлүгү чектелген жаш баланын жети жаштан он эки жашка чейинки билим берүүнүн жана анын өсүп-өнүгүшүндөгү өзгөчөлүктөрү:

Башка үч этаптан бул төртүнчү этаптын өзгөчөлүгү болуп мүмкүнчүлүгү чектелген жаш муундар үчүн өтө чоң мааниге ээ. Себеби мындай жаш муундун турмушунда биринчи жолу жаңы жол ачылат – мектеп партасына олтурат, мына ушундай мезгилде мүмкүнчүлүгү чектелген жаш муундардын ата-энесинде жана үй-бүлөсүндө кайрадан өтө чоң проблема пайда болот. Мындай мүмкүнчүлүгү чектелген баланын кыймыл аракети класстагы башка балдарга таптакыр жакпайт, ошону менен бирге мүмкүнчүлүгү чектелген жаш муунду класстагы балдар кемсинте баштайт. Бул көрүнүш бир гана жаш муунга эмес баланын энесинин психикалык өзгөрүүсүнөда таасирин тийгизет. Айрыкча баланын энесинин ачуусу тез болуп, болбогон майда-чүйдөгө кирише баштайт. Бул сөзсүз түрдө оорулуу балага таасири тийет, баланын айлана-чөйрөсү дагы азаят. Башкача айтканда, ушундай баланы тарбиялап жаткан үй-бүлөдө кошумча проблемалар пайда болот. Баланын энеси конокко баргысы келбей калат, ошону менен бирге коңшу-колоң менен аз пикир алмаша баштайт. Бул көрүнүш эне менен баланын ортосундагы байланышты начарлатат. Мындай учурда баланын энесине жолдошунун таасири чоң, себеби мүмкүнчүлүгү чектелген бала атасынын көңүл бурганын эңсейт, бирок аны бир гана ачуулануу же болбосо үйдөгү ызы-чуу менен билдире алат. Биз карап жаткан жумушта, жаш муунду жалпы мектептен аргасыз чыгарууну чечтик, белгилүү себептер менен. Баланын келечегин кайсы гана ата-эне ойлобосун, ошол үчүн каралып жаткан жаш муунду өстүрүү үчүн мүмкүнчүлүгү чектелген балдар окуган мектепке алып барып окутууну чечтик. Бул мектепте бала бир гана тамгалардын ичине «*О* ну» жазууну жактырды, башка тамгаларды бала такыр жактырбады. Бирок ошол эле мезгилде балада (жаш муунда) башка тарапка өнүгүү байкалды, ал музыканы көп уга баштады, ошону менен бирге ар түрдүү китептерди көтөрүп алып, айрыкча түнкүсүн башына коюп уктай турган болду.

Мына ушинтип, биз карап жаткан макалада мүмкүнчүлүгү чектелген баланын он эки жашка чейинки өсүүсүн, жүрүм-турuунун өзгөрүүсүн, өсүп-өнүгүшүн жана чоңоюш процессин изилдеп чыктык. Мындай жаш муундун пайда болушуна биз толук жооп бере албадык, себеби анын көп факторлору бар экен.

Жыйынтыктап айтканда, бул макала мүмкүнчүлүгү чектелген жаш муунду өстүрүп-чоңойткон чыныгы турмуштук эксперименталдык макала болуп саналат. Башкача айтканда, макаланын жыйынтыгы төмөндөгүдөй:

1. Мүмкүнчүлүгү чектелген бөбөктөр азыраак төрөлүшү үчүн, эне болом деген аял заты өзүн келечектеги турмушка даярдоосу зарыл, бул үчүн жаш келин-кыздар эненин жана медицинанын талаптарын толугу менен аткаруусу зарыл.
2. Эне болом деген аялзаты компьютердин, уюлдук телефондун, наркотиктердин, алкоголдун жана чылым тартуунун таасиринен, ошону менен бирге радиация чыгаруучу түзүлүштөн алыс болушу зарыл.
3. Эне болом деген аялзаты оор жумуш жасоодон өзүн сакташ керек.
4. Жаштар жалпысынан турмуш курууга даяр болуш керек, ошол үй-бүлө түзүүчү жаштар социалдык жактан толугу менен камсыз болуусу зарыл.
5. Үй-бүлө түзүүчү жаштар дарыгерлер тарабынан толук маалымат алып туруусу зарыл.

**Адабияттар:**


1. Виноградов В.А. Инклюзив // Лингвистический энциклопедический словарь. - М.: СЭ, 1990. - С. 192.
2. Forchheimer P. The categoru of person in language. - B., 1953.
3. Закон Кыргызской республики. от 3 апреля 2008 года №38. «О правах и гарантиях лиц с ограниченными возможностями здоровья».
4. Кыдырылиева К. Инклюзивдик билим берүү – өзгөчө муктаждыктагы балдын чектөөлөрүн жоёт. - ОшМУ «Ош жаңырыгы». 2015. - 24-28 б.
6. Койлубаева Б.К. Мүнкүнчүлүгү чектелген балдарды билимге тартуунун маанилүүгү – ОшМУ «Ош жаңырыгы». Атайын чыгарылыш (1), 2018.-128-130
7. Ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн мектепке чейинки даярдоо программасынын долбоору. - Б.: 2016. – 5 б.
8. «Наристе» балдарды мектепке даярдоо программасы (480 саат). - Б.: изд. «Аркус», 2015. – 136 б.
9. Ажибаева А.Ж., Сыдыкова Г.С. Инклюзивное образование как фактор повышения качества жизни лиц с ограниченными возможностями здоровья инвалидов. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 6. С. 62-66.
10. Кадыралиева А.Б., Талипова Д.С. Проблемы социализации детей с ограниченными возможностями. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2014. №. 2. С. 185-186

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557